Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сайтында жарыяланган «Жалпыга маалымадоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору боюнча

# «МЕДИА ПОЛИСИ ИНСТИТУТУ» КФнын ПИКИРИ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сайтында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети сунуштаган Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору жарыяланган[1]. Мыйзам долбоору 2023-жылдын 15-декабрында катталганы көрсөтүлгөн. Мыйзам долбооруна негиздеме-маалымкат, Жөнгө салуучу таасирин талдоо (мындан ары ЖСТ) жана бул документке ЖСТны иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун айрым мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери тиркелген. Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорунун Жогорку Кеңешке келип түшүшү профилдик комитеттин мыйзам долбоорун карай баштаганын, КР Жогорку Кеңешинин бөлүмдөрүнөн тийиштүү экспертизалары алына баштаганын жана мыйзам долбоору биринчи окууга даярдала баштаганын көрсөтөт.

Ошол эле кезде Медиа Полиси Институту Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2022-жылдын 7-декабрындагы №230 буйругу боюнча түзүлгөн жумушчу топтун медиатармактан мүчөлөрүнүн пикири эске алынбай даярдалган «ЖМК жөнүндө» мыйзам долбоору Кыргыз Республикасындагы сөз эркиндигине олуттуу коркунучту жаратарын дагы бир жолу эскертет. .

Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактынын (ЖСУЭП) нормаларына каршы келет. Мыйзам долбоорунда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, Юстиция министрлигинин көз караштары эске алынган эмес. Жөнгө салуучу таасирин талдоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен[2] методиканы одоно бузуу жолу менен даярдалган, бул ЖСТыда туура эмес корутундуга жана тыянактарга алып келди. Жалпысынан алганда ЖСТ Кыргыз Республикасындагы жалпыга маалымдоо каражаттары жана журналистика тармагындагы маселелерди туура чагылдырбайт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин сайтында жарыяланган мыйзам долбоорунда төмөнкү документтерде келтирилген мыйзам долбоору боюнча көптөгөн сунуштар жана пикирлер эске алынган эмес:

1) ЕККУ жана ДИАУБ тарабынан даярдалган «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорун талдоо;

[1] http://kenesh.kg/ru/draftlaw/645473/show
[2] https://www.media.kg/wp-content/uploads/2023/10/kommentarii-imp-dlya-ks-po-arv.pdf

2) Укук аркылуу демократия үчүн Европа комиссиясы (Венеция комиссиясы) тарабынан даярдалган «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорун талдоо;

3) «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору боюнча БУУнун атайын баяндамачыларынын кайрылуусу;

4) Кыргызстандык ЖМКлардын жана медиа уюмдардын «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоору боюнча көптөгөн сунуштары жана пикирлери.

Анан да, КР Жогорку Кеңешинин сайтында жарыяланган мыйзам долбоору Президенттин Администрациясы 2023-жылдын май айында сунуштаган долбоордон айырмаланып турат. Катталган мыйзам долбоорго анын авторлору журналисттердин ишмердүүлүгүн ашыкча жана негизсиз чектеген кошумча нормаларды киргизишкен.

Мисалы, мыйзам долбоорунун 30-беренесинин 1-пунктунун 2, 7-бөлүктөрүнө ылайык журналисттерге мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, уюмдарга, ишканаларга жана мекемелерге же болбосо алардын басма сөз-кызматтарына аккредитациянын негизинде барууга укук берилет. Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, кызмат адамдарынын же жарандардын макулдугу менен гана жазууларды, анын ичинде аудио- жана видео техника, кино- жана сүрөткө тартуу каражаттарын пайдалануу менен жазууга мүмкүн болот.

Бул жана ушуга окшош нормалар кабыл алына турган болсо жарандардын сөз эркиндигине жана маалыматка жетүү укуктарынын олуттуу бузулушуна алып келет. Маселен, БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин №34 Жалпы негиздеги эскертүүлөрдүн 44-пунктуна ылайык, журналисттерге белгилүү бир жерлерге же белгилүү бир иш-чараларга жетүүгө артыкчылык берүү зарыл болгон учурларда гана аккредитациялоону чектөөгө жол берилет. Мындай чектөөлөр дискриминациялык мүнөздө болбошу керек жана ал журналисттик функцияларды көптөгөн адамдар аткара аларын эске алуу менен объективдүү критерийлердин негизинде ЖСУЭПтин 19-беренесине жана башка нормаларына ылайык колдонулушу зарыл. Демек, мамлекеттик органдар уюштурган иш-чараларга аккредитация алган журналисттердин гана эмес, аккредитациясы жок журналисттердин да катышууга укугу бар.

Мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, кызмат адамдарынын же жарандардын макулдугу менен жазууларды, анын ичинде аудио- жана видео техника, кино- жана сүрөткө тартуу каражаттарын пайдалануу менен жазуу керек деген норма журналисттик иликтөөлөрдү чектөөгө багытталган. Ал эмес мыйзам долбоордун тексти башында көчүрүлүп алынган «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Орусия Федерациясынын мыйзамынын 50-беренеси боюнча, жашыруун аудио жана видео жазууларды, кино жана сүрөткө тартууну колдонуу менен даярдалган билдирүүлөрдү жана материалдарды таратуу төмөнкү учурларда мүмкүн:

1) эгер ал адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин бузбаса;

2) эгер ал коомдун кызыкчылыктарын коргоого зарыл болсо жана башка адамдардын ким экендигин аныктоо ыктымалдыгына каршы чаралар көрүлсө;

3) эгер жазууну көрсөтүү соттун талабы менен жүргүзүлсө.

КР Президентинин Администрациясы бардыгы болуп мыйзам долбоордун беш вариантын сунуштаган, алардын жок дегенде биринин ар бир беренеси боюнча талкуу болгон эмес. Медиакоомчулуктан дайындаган жумушчу топтун мүчөлөрү берген сунуштар жана пикирлер демилгечилер тараптан эске алынбады. Техникалык жана редакторлук оңдоолор гана аз көлөмдө эске алынган. Ал эми медиа-тармактын көз карандысыз ЖМКлардын ишине негизсиз чоң тобокелдиктерди жаратышы мумкүн болгон нормалар тууралуу пикирлерин КР Президентинин Администрациясы көз жаздымда калтырган.

Мыйзам долбоору кабыл алына турган болсо мамлекеттик органдар үчүн жакпаган ЖМКларды мамлекеттик каттоодон өткөрбөй коюуга, ал эми каттоодон өткөн ЖМКлардын ишмердүүлүгүн олуттуу укуктук негизсиз эле токтотуп коюуга толук мүмкүнчүлүктөр ачылат. *Бирок ошол эле кезде, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 63-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Сөз, басма сөз жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин чектеген мыйзамдардын кабыл алынышына тыюу салынат.* Буга карабай, аталган мыйзам долбоорунда ЖМКнын ишмердүүлүгүнө негизсиз кийлигишүү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, журналисттердин маалыматка жетүү укуктарын жана жарандардын укуктарын пропорционалдуу эмес чектөөлөр мүмкүнчүлүгүн караштырган кеңири жана бүдөмүк жоболор бар.

Веб-сайттарды ЖМК катары милдеттүү түрдө каттоо зарылдыгы жана максатка ылайыктуулугу тууралуу жүйөлүү негиздемелердин жоктугу, КР Президентинин Администрациясынын ЖМК катары ыктыярдуу гана каттоону киргизүү зарылдыгы жөнүндө жумушчу топтун сунушун талкуулагысы келбегендиги, мыйзам долбоору тууралуу жергиликтүү жана эл аралык эксперттик коомчулуктун сунуштарына жана пикирлерине көңүл бурбагандыгы (аймактык укук коргоочу механизмдер кабыл алган документтер Кыргызстан үчүн сөз эркиндиги укуктарынын мазмуну жана колдонуусу боюнча салыштыруу иретиндеги маанилүү булактар болуп эсептелет) мыйзам долбоордун негизги максаты – укук бузуулардын бетин ачып, коомдук маанидеги маселелер боюнча жарандардын маалымдуулугун жогорулатууну көздөгөн көз карандысыз ЖМКлардын жарандарга жеткиликтүүлүгүн жокко чыгаруу экенин тастыктайт.

1. **Веб-сайттарды милдеттүү түрдө ЖМК катары катталууга мажбурлоо ЖМКлардын эркиндигине кол салуу**

Бул маселе боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги (Маданият министрлиги) Президенттин Администрациясына 2022-жылдын 11-ноябрында жөнөткөн катында (№ 12-2/1347) мындай деген: *«Интернет тармагындагы басылмалардын (веб-сайттардын) ЖМК катары каралышы (3-берене, 2-пункт, кот. түш.) учурда дүйнө жүзүндө көп аталаш-тартыштарды жараткан маселе болуп эсептелет, анткени бул жобо мамлекеттин дарегине конституциялык сөз эркиндигин бузуп жатат деген айыптоолорго алып келиши мүмкүн. Ошондуктан мыйзамдын бул бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү өтө этияттыкты талап кылат, бул жарандык коом жана эксперттик чөйрө менен кеңири дискуссиялардын өткөрүлүшүн талап кылат».* Бирок жарандык талкуу уюштурулбады, ал эмес жумушчу топтун иши үзгүлтүккө учуратылган.

Маданият министрлиги өз катында *«Интернет-булактарды ЖМК катары мамлекеттик каттоого алып аларды көзөмөлдөө аракети Интернет-булактардын, колдонуучуларынын жана бардык кызыкдар тараптардын kg мейкиндигинен Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тескебеген «ru, kz, com ж.б.» мейкиндиктерине өтүп кетишине алып келиши ыктымал»,* - деп эскерткен. Негиздеме-маалымкатта бул жагдай эске алынбаган жана долбоордун авторлору бул тобокелдикти караштырышкан эмес.

Маданият министрлиги ошондой эле *«Интернетти жөнгө салууга мүмкүн болгон критерийлерди табуу кыйынчылыкты жаратышы мүмкүн, анткени анда салттуу ЖМКларга мүнөздүү чектөөлөр жок – ал басылмалар сыяктуу таркатуу аймагы менен чектелбейт, ошондой эле ал электрондук ЖМКлар сыяктуу техникалык мүмкүнчүлүктөр жана сигналдын кубаттуулугу менен да чектелбейт»*, - деп белгилейт. Чынында, мыйзам долбоорунда салттуу ЖМКларды жана Интернет-булактарды жөнгө салууда аларды кандайдыр бир деңгээлде бөлүп кароо деген нерсе. Бул долбоордун авторлорунда тармактык басылмалар, веб сайттар ж.б. тууралуу терең түшүнүк жок экендигин айгинелейт.

Маданият министрлигинин кооптонуусуна эч бир негизсиз эле көңүл бурбоо, биздин пикирибизде, укуктарды кыянаттык менен пайдалануу болуп саналат жана бул терс кесепеттерге алып келиши мүмкүн, анткени бул министрлик маалымат жаатындагы саясатты ишке ашырган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп эсептелет.

Долбоордун 3-беренсинин 2-пункту боюнча, *жалпыга маалымадоо каражаты – мезгилдүү басма сөз басылмасы, маалыматтык агенттик, телеканал, радиоканал, телепрограмма, радиопрограмма, видеопрограмма, кинохроникалык программа, туруктуу аталышы менен массалык маалыматты мезгилдүү жайылтуунун башка*

*формасы, анын ичинде жалпыга жеткиликтүү Интернет телекоммуникациялык тармагындагы веб-сайттар.* Долбоордун демилгечилери жалпыга маалымдоо каражаттарынын кандай белгилери бар экенин такташкан эмес.

Ошондуктан ЖМКнын бул аныктамасы боюнча, ЖМК болуп эсептелбеген веб-сайттар дагы ЖМК катары катталышы керек болот. Бул жобо коммерциялык уюмдардын сайттарына да колдонулат, мисалы, «Ихлас» курулушу компаниясынын сайтына (www.ihlas.kg) же («Елизавета» www.elizaveta.kg). Ошондой эле “Лалафо” (www.lalafo.kg), “Машина КЖ” (www.mashina.kg) ж.б. сыяктуу популярдуу сайттар да маалыматтар менен бөлүшүп, жарандарга жана юридикалык тараптарга ар түрдүү кызматтарды көрсөтүп келишет. Бул сайттардын бардыгы ЖМК катары катталышы керек болот, бирок аларга катталууга уруксат бербей коюшу мүмкүн, а демек автоматтык түрдө алар интернет аркылуу кызматтарын көрсөтө албай калышат.

Учурда жеке менчик компаниялар веб-сайттарды жана/же ар түрдүү коомдук тармактардагы баракчаларын кызматтарын көрсөтүүнү жана товарларын сатууну өстүрүш үчүн маркетингдик максатта колдонушат, бирок алардын сайттарын ЖМКга теңөө акылга сыйбаган иш, анткени бул сайттар өлкөдө болуп жаткан окуялар жөнүндө коомчулукту такай маалымдап, коомдук маанидеги маселелерди чагылдырып, коомдук көзөмөлдү жүргүзүүнү максат кылышпайт. Буга байланыштуу аларды КР Юстиция министрлигинде же КР Санариптик өнүгүү министрлигинде каттоого алууга эч кандай негиз жок.

Дээрлик бардык веб-сайттарды каттоого алууну киргизүү каттоо жүргүзүүчү органдардын штаттарынын санын негизсиз көбөйтүүгө алып келет, а бул республикалык бюджеттин чыгымдарына таасир этпей койбойт. Долбоордун негиздеме-маалымкатында төмөнкү суроолор боюнча талдоонун жыйынтыктары келтирилген эмес: Мамлекеттик органдардын штаты канчага өсөт? Канча веб-сайттардын катталышы күтүлөт жана аны үчүн тийиштүү материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөр барбы? Эң негизгиси – жогоруда келтирилген органдарда веб-сайттарды милдеттүү түрдө каттоо иштерин жүргүзүү үчүн республикалык бюджеттен каралган чыгымдардын суммасы келтирилген эмес. Өз кезегинде мыйзам долбооруна тиркелген Жөнгө салуучу таасирин талдоодо Маданият министрлиги *«Жалпыга маалымдоо каражаттарын мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү үчүн мамлекеттик органдардын чыгымдары күтүлбөйт, анткени жаңы мамлекеттик орган түзүлбөйт, ал эми Кыргыз Республикасынын Маданият, Маалымат, Спорт жана жаштар саясаты министрлигинин иши алардын ыйгарым укуктарынын алкагында мамлекеттик бюджеттен каржыланат»,* - деп чаташтырат.

«Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» мыйзамдын 20-беренесинин талаптары боюнча жарандардын конституциялык укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин камсыз кылуу; коомдук бирикмелердин, массалык маалымат каражаттарынын укуктук статусу; мамлекеттик бюджет, салык системасы;

экологиялык коопсуздук; укук бузууларга каршы күрөшүү; ишкердик иш-аракетти мамлекеттик жөнгө салуунун жаңы түрлөрүн киргизүү маселелери боюнча ченемдик укуктук актылардын долбоорлору укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык; антикоррупциялык жана башка илимий экспертизадан өткөрүлүүгө тийиш (жөнгө салынышына ченемдик укуктук актынын долбоору багытталган укуктук мамилелерге жараша). Бирок демилгечилер сунушталып жаткан мыйзам долбоордун негиздүүлүгү, учурда зарылдыгы жана натыйжалуулугу боюнча толук аргументтер келтиришкен эмес.

Долбоордун авторлору Интернеттеги веб-сайттар чек араны билбестигин эске алып аларды каттоонун конкреттүү механизмдерин сунушташкан эмес. Каалаган сайтты каалаган жерде ачса болот жана анын контенти Кыргыз Республикасынын аймагында жеткиликтүү болот. Ошондуктан, веб-сайттардын чек араны билбестигин эске алсак, кыргыз мыйзамдары башка өлкөнүн домендик ысымындагы веб-сайттардын ишмердүүлүгүн кантип жөнгө сала тургандыгы такыр түшүнүксүз. Ошондой эле коомдук тармактардын колдонуучулары боюнча да суроолор бар, анткени алар аккаунттарын жеке баракчалары катары, башкача айтканда веб-сайт катары колдонушат. Бул жактан караганда бардык веб-сайттарды каттоого алуу процедурасын киргизүүдө эч бир логика байкалбайт. Тилекке каршы, долбоордун авторлору жергиликтүү провайдерлердин техникалык мүмкүнчүлүктөрүн жана жалпысынан КРдин Санариптик өнүгүү министрлигинин домендик ысымды же аймакты бөгөттөө маселелерин кантип чече тургандыгын билүүгө аракет кылышкан эмес. Негиздеме-маалымкатта долбоордун авторлору аталган жагдайларды караштырып да койгон эмес. Долбоордун авторлору Интернет-чөйрөнү жакшы билбестиги ачык-айкын көрүнүп турат.

Долбоордун бул вариантында башында киргизилген *«жалпыга маалымдоо каражатынын тармактык каражаты»* (3-берене, 14-пункт) сакталган. Долбоордо ал – *туруктуу аталышы, учурдагы номери бар жана жарым жылда кеминде бир жолу жаңыланып туруучу, жалпыга жеткиликтүү телекоммуникациялык тармактар аркылуу массалык маалыматты электрондук-санариптик формада жайылтууга арналган электрондук басылма*, - деп аныкталат. Бул аныктаманы сайтта жайгаштырылыган каалаган маалыматка, мисалы, чыгармага, китепке, окуу куралына колдонсо болот. Бул жерде мыйзам долбоордун автору жалпыга маалымдоо каражатынын тармактык каражаты өзүнүн нукура турпатынан андай болуп эсептелбеген башка электрондук басылмалардан эмнеси менен айырмаланарын көрсөткөн эмес.

Орусиялык мыйзамдагы *«тармактык басылма»* деген түшүнүктү жөн гана ойлонбой туруп каолдонуп жатып долбоордун автору жобонун экинчи бөлүгүнө же түшүнгөн эмес, же көңүл бурган эмес. Анда: *«…бул мыйзамга ылайык жалпыга маалымдоо каражаты катары катталган»* деп айтылат, б.а. бул түшүнүк бардык сайттарга колдонулбайт, ал ЖМКнын бардык укуктарын колдонгусу келген жана ага

жараша бардык жоопкерчиликти алганга өз ыктыяры менен макул болгон веб-сайттарга гана тиешелүү. Мисалы, орусиялык ЖМК жөнүндө мыйзамда (2011-ж.) өз ыктыяры менен катталуу каралат. ЖМК катары өз ыктыры менен катталган уюм өзүнүн редакциясын түзөт, ЖМК жөнүндө мыйзамда каралган укуктар менен жоопкерчиликтерге ээ болот, ЖМК жөнүндө мыйзамда каралгандай маалыматка жеңилирээк жол менен жете алат ж.б.д.у.с. Башкача айтканда, мыйзам чыгаруучулар веб-сайттар өз ыктыяры менен ЖМК катары катталышына өбөлгө түзгөн ар түрдүү кызыктыруучу механизмдерди жана артыкчылыктарды (маалымат булагынын корголушу, маалыматка жетүүнүн жеңилдиги, диффамация боюнча доо арыздардан жакшыраак корголушу ж.б.) караштырышы керек. Мисалы, Azattyk Media өзүнүн редакциялык саясатында мындай дейт: редакция, басымга жана таасир көрсөтүү аракетине карабастан көз карандысыз журналистиканын эң бийик стандарттарына жетүүнү жана фактыларды чагылдырууну көздөйт, тактык, бейтараптык, аудиторияга сый мамиле жана пропагандадан качуу принциптерин сактайт. Ушунлай таризде мыйзамды урматтосун көрсөтүүсү редакциянын кесиптик жана этикалык принциптерди карманарын айгинелейт.

Nominet реестринин 2020-жылга карата маалыматы боюнча, .kg доменд\u0438к аймагында 11 536 домендик ысым катталган. Шексиз, бул санга мамлекеттик органдардын, мамлекеттик компаниялардын жана аларга караган мекемелердин, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, коомдук долбоорлордун (расмий, саясий, билим берүүчү, көңүл ачуучу, маданий, жарнамалык, интернет-дүкөндөр жана жарыялар, автордук блогдор (өзүнча сайттар, барактар же коомдук тармактардагы аккаунттар)) ж.б. кирет. Демилгечинин логикасы боюнча бул сайттардын бардыгы ЖМК катары катталышы керек болот.

Анан да ЖМК катары катталбаган сайттардын ээлери кандай жоопкерчиликке тартылары түшүнүксүз, анткени мыйзам долбоорунда мындай учурда бланкеттик жобо караштырылган, жалпы сөздөр менен башка укуктук актыларга шилтеме кылынган, бирок алардын конкреттүү жоболору аталган эмес.

КРдин Юстиция министрлиги бул мыйзам долбооруна берген Корутундусунда белгилегендей, «мыйзамдар» термини жалпылаштырылган, бүдөмүк мүнөздө, ал кенен түшүнүүгө жол ачат. Жогорку Кеңеш 2015-жылы 26-июнда №5389-V токтому менен бекиткен Мыйзам чыгаруу техникасы боюнча нускаманын 78-пункту боюнча, толугу менен мыйзамдарга бланкеттик шилтемелерди жасоого жол берилбейт (мисалы, «мыйзамдарга ылайык жөнгө салынат»). Юстиция министрлиги өз Корутундусунда мыйзамдардын тармагын көрсөтүүнү сунуштады. Бирок бул маанилүү сунушту мыйзам долбоордун авторлору эске алган эмес.

Аны менен катар, «тармактык басылмаларды» мыйзам долбоорунда сунушталган жоболор боюнча катталууда көп кыйынчылыктар күтөт. 17-беренеге ылайык, бардык ЖМКлар, алардын ичинде веб-сайттар дагы, катталып жатып төмөнкү маалыматты

бериши керек болот: *жалпы маалыматты мезгилдүү жайылтуунун формасы, продукцияны жайылтуунун болжолдуу аймагы, басып чыгаруунун болжолдуу мезгилдүүлүгү, максималдуу көлөмү.*

Жогоруда көрсөтүлгөн талаптардын айрымдарын такыр эле аткарууга мүмкүн эмес. Мисалы, сайттын мезилдүүлүгүн или нускасын кантип аныктаса болот? Же болбосо, жалпыга маалымдоо каражатынын, б.а. «тармактык басылманын» көлөмү деген кандай болот, ал кайсы бирдиктерде эсептелет? Максималдуу көлөмдү ким аныктайт жана ал кайсы көрсөткүчтөр боюнча эсептелет? Ал эми чек араны билбеген Интернетте жайылтуунун болжолдуу аймагынын көрсөтүлүшү керек деген талап, мыйзам долбоордун демилгечилери Интернеттин мүнөзүн жакшы түшүнбөгөндөн келип чыгат. Веб-сайттарды жалпыга маалымдоо каражаттары катары милдеттүү түрдө каттоонун зарылчылыгынын жана максатка ылайыктуулугунун жүйөлүү негиздеринин жоктугу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын жумушчу топтун массалык маалымат катары ыктыярдуу гана каттоону киргизүү зарылдыгы жөнүндө сунушун талкуулоону каалабагандыгы, ЖМКлар жөнүндө мыйзам долбоорунун чыныгы максаты – жарандарды кылмыштардын бетин ачып келген жана социалдык маанилүү маселелер боюнча жарандык аң-сезимди жогорулатууга катышкан көз карандысыз интернет-басылмаларга жетүү мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыратуу экенин дагы бир жолу тастыктайт.

Ар бир адамдын эркин ой жүгүртүүгө жана пикирге ээ болууга, өз пикирин эркин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укугу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 32-беренесинде кепилденет. Ошону менен катар анда *«эч ким өз пикирин билдирүүгө же андан баш тартууга мажбурланышы мүмкүн эмес»* деп айтылат. Андан сырткары Кыргыз Республикасында цензурага жол берилбейт жана *«сөз, басма сөз жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин чектеген мыйзамдардын кабыл алынышына тыюу салынат»* (63-берене).

Кыргыз Республикасынын Конституциясында адамдын укуктарына жана эркиндиктерине чектөө коюлушу мүмкүн эмес деп айтылат, башкача айтканда сөз экриндигине жана пикир айтуу экриндигине укуктар алдына ала уруксат алуусуз жана макулдашуусуз эле колдонулушу керек. Бирок мыйзам долбоорунун демилгечилеринин веб-сайттарды милдеттүү түрдө каттоо жөнүндө сунушу бийлик тараптан сөз эркиндигин чектөө болуп эсептелет, мындайда веб-сайтын каттоодон өткөргөн тарап гана өз пикирин билдиргенге мүмкүнчүлүк алат. Эгер Юстиция министрлиги веб-сайттын жалпыга маалымдоо каражаты катары каттоосун жокко чыгара турган болсо, бул сайт аркылуу Конституция кепилдеген пикир айтуу эркиндигин колдонуу мүмкүн болбой калат. Учурда элдин көбү маалыматты Интернет-басылмалардан эмес, коомдук тармактардан алып жаткан чакта бул замандан артта калган сунуш болуп эсептелет (а демек, мыйзамды архаизмдерден арылтууну максат кылган мыйзам долбоордун маңызына туура келбейт).

Конституциянын талаптарына гана эмес, жалпысынан акыл-эске, замандын талабына ылайык сайттарды милдеттүү түрдө каттоодон өткөрүүгө жол берилбеши керек. Онлайн алака-мамилелерди жөнгө салуу практикасы көрсөткөндөй, ар-намысты жана кадыр-баркты, жеке турмушту коргоо, экстремизмге каршы күрөшүү, коомдук тартипти камсыз кылуу жагдайларында учурдагы мыйзамдарды Интернетте жарыяланган материалдарга да колдонсо болот жана журналистпи, редакторбу, ЖМКбы же жөнөкөй жаранбы, бардыгын жоопкерчиликке тартса болот.

Өлкөдө маалыматтык мамилелердин бардык катышуучуларынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү куруу үчүн зарыл болгон ченемдик укуктук база түзүлгөн. Ошондуктан веб-сайттарды ЖМКга теңөө ишараты мамлекеттин маалыматтын эркиндигине өзүм билемдик көзөмөл орнотуу жана таасир этүү рычагына ээ болуу аракети болуп эсептелет. Веб-сайттарды ачууга жана иштетүүгө мыйзам тыюу салбаганын эске алсак, аларды ЖМК катары каттоодон өткөрүү ыктыярдуу мүнөздө гана болушу керек. Веб-сайттын ээси сайттын мүнөзүнө, максатына, команданын санына жараша сайтты ЖМК катары каттайбы же жокпу өзү чечет. Мындайда сайтты өз ыктыяры менен каттоого мыйзам жоболорунда караштырылган маалымдоо функцияларын аткарып, коом кызыкчылыгына иштеген ЖМКлардын редакцияларына бериле турган өзгөчө артыкчылыктар (маалымат булактарынын корголушу же диффамациялык доо арыздардан корголушу) өбөлгө боло алмак.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин (АУК) №34 Жалпы негиздеги эскертүүлөрдүн 44-пунктуна ылайык, *интернет-технологияларга негизделген электрондук жана башка маалыматты таратуу үчүн веб-сайттардын, блогдордун жана башка ушул сыяктуу системалардын, анын ичинде Интернетке кирүү системалары же издөө системалары сыяктуу байланыш каражаттарынын иштешин камсыз кылуучу системалардын ишине кандай болбосун чектөөлөр Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакттын (ЖСУЭП) 19-беренесинин 3-пунктуна шайкеш келген даражада болушу мүмкүн.* 19-берененин бул пунктунда сөз эркиндигине болгон чектөөлөргө төмөнкүлөр менен негизделсе гана жол берилерин белгилейт: (а) башка адамдардын укуктарын жана беделин урматтоо; б) улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти, коомдук ден соолукту же адеп-ахлакты коргоо үчүн. Адам укуктарын чектөөнүн ушул эле максаттары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 23-беренесинде да каралган.

АУКтун №34 Жалпы негиздеги эскертүүлөрдүн көрсөтүлгөн пунктунда мындай деп айтылат: *чектөөлөр конкреттүү материалдардын мазмунуна негизделиши керек; кайсы бир сайттардын жана системалардын ишине жалпы тыюу салуу ЖСУЭПтин 19-беренесинин 3-пунктуна туура келбейт.* Башкача айтканда, эл аралык жоболор конкреттүү материалдардын мазмуну чектелиши керек дейт, мисалы зомбулук экстремизмин или терроризмди жайылтууга тыюу салуу. Жалпы тыюулар, буга веб-

сайтты каттоого милдеттендирүү да кирет, эл аралык стандарттардын талаптарына туура келбейт.

Демек, веб-сайттарды милдеттүү түрдо катоо талабы КРдин Коснтитуциясынын жана ЖСУЭПтин жоболорун одоно түрдө бузуу болуп саналат. Интернет-басылмалар жалпыга маалымдоо каражаттары катары мамлекеттик каттоодон өтүү чечимин өзүлөрү кабыл алышына мүмкүнчүлүк берүү зарыл.

## 2. ЖМКны негизсиз жабууга же ишмердүүлүгүн негизсиз токтотууга мүмкүнчүлүк берген кысым көрсөтү рычагдары

Мыйзам долбоорунун 21-беренесинде жалпыга маалымдоо каражатынын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүн Юстиция министрлиги же Санариптик өнүктүрүү министрлиги тарабынан жараксыз деп таанылышы каралат. Мисалы, бул беренеге ылайык, каттоо жөнүндө күбөлүк *«алдоо жолу»* менен алынган болсо ЖМКнын каттоо жөнүндө күбөлүгү жараксыз деп таанылышы мүмкүн. Бул эмне? Аталган учурда долбоордун авторлору *«алдоо жолу»* деп эмнени түшүнөт болушту экен? Формалдык жактан алганда, ЖМК катталып жатып маалыматты таркатуу аймагы катары Кыргызстанды көрсөтсө, а бирок ал маалыматты дүйнөнүн каалаган бурчунан ачып көрүүгө мүмкүн болсо, КРдин Юстиция министрлиги аны алдоо деп баалашы да ыктымал. Суроо жаралат, эмне үчүн Юстиция министрлиги күбөлүктү жараксыз деп бир жактуу чечим чыгара алат? ЖМКнын каттоосу жараксыз деп табылган учурда негиздөөчүнүн, редакциянын, журналисттердин жана башка кызматкерлердин укуктарын жана мыйзамдуу мыйзамдуу таламдарын козгогон аракеттер жасалат. Ошондуктан ЖМКнын каттоосунун жараксыздыгы тууралуу иш сотто каралышы керек.

Мыйзам долбоорунун 21-беренесинин 4-пункту боюнча, жалпыга маалымдоо каражаты кайрадан катталган болсо (бирок мыйзамда ЖМКны каттоо жана кайра каттоо аракеттери гана каралган) ЖМКнын мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгү жараксыз деп таанылышы мүмкүн. Кайрадан катталуунун так шарттарынын жана себептеринин жоктугу ЖМКлардын укуктарынын бузулушуна алып келиши ыктымал. Мисалы, карасанатайлар «күзгү» ЖМКларды ачышы мүмкүн же рейдерлер ЖМКнын незидөөчүсүн жана жетекчисин өзгөртүп калп кайра каттоо кылышы мүмкүн.

КРдин Конституциясынын 23-беренесине ылайык, *укуктарды жана эркиндиктерди кандай гана болбосун чектөө мыйзам тарабынан каралып, мыйзамдуу максатты көздөп, бузууларга щайкеш болууга тийиш.* Бирок мыйзам долбоордун 29-беренесинде, мыйзамдын кандайдыр бир жобосун бузгандыгы үчүн жалпыга маалымдоо каражатын жабуу же ишин токтотуп туруу жөнүндө чечим кабыл алууда мамлекетке чексиз жана өзүм билемдик эркиндик берилген. ЖМКнын редакциясынын уставында мыйзам долбоорунда сөзсүз болушу керек деп көрсөтүлгөн айрым

жоболордун жок болушу сыяктуу эң майда мыйзам бузуу эскертүү берүүгө жана ЖМКны жабуу тууралуу доо арыз менен кайрылууга негиз боло алышы мүмкүн. Мисалы, штаттык кызматкерлердин ыйгарым укуктарынын же редакторду, редакциялык кеңешти жана (же) редакциянын башка башкаруу органдарын дайындоо (шайлоо) тартибинин жоктугу ЖМКнын ишин токтотууга негиз катары каралышы ыктымал.

Өз кезегинде, мыйзам долбоорунда санкциялардын максатка ченемдигин аныктаганга жардам бере алган кайсы бир кошумча көрсөткүчтөр да каралган эмес.

Учурда тез өзгөрүп турган маалыматтык коомдо ЖМКнын «ишин» токтото туруу, медиа-уюмдун жабылышына тете болуп саналат. Ошол эле кезде көзөмөлдүк процесстин өңүтүнөн алганда токтото туруу – акылга сыйбайт, маанисиз. Эгер кайсы бир мыйзамга туура келбеген маалымат мурда таркатылган болсо, басылманын же телерадиокмпаниянын ишин токтото турууну зарылчылыгы жок. Кайсы бир белгилүү чыгарылышты таркатууга тыюу салса болот, бирок бул ЖМКнын иш алып баруусун толугу менен токтотуу болуп саналбайт. Долбоордун 28-беренесинде (Жалпыга маалымдоо каражаттарынын ишин токтотуу жана токтото туруу) «ЖМКнын иши» соттун чечими менен токтотулушу каралат. Биздин пикирибизде, «токтотуу жана токтото туруу» аракеттеринин «ЖМКнын ишине» карата колдонулушу логикага анчалык жатпайт. ЖМК укукка жөндөмдүү боло албайт, анткени долбоордун 3-беренесине ылайык, жалпыга маалымдоо каражаттарына мезгилдүү басма сөз жана Интернет тармакгындагы басылмалар, ар түрдүү телерадиопрограммалар, каналдар ж.б. кирет, алар болсо өз алдынча эч кандай аракеттерди жасай албайт.

Мындайда ЖМК «мезгилдүү таркатуунун формасы» катары кабыл алынары шексиз. Башкача айтканда, ЖМК – бул белгилүү бир көлөмдөгү маалыматты камтып даярдалган материалдар менен билдирүүлөр коомдун кеңири чөйрөсүнө жеткиликтүү боло турган курал. Демек, гезит, телерадиоканал же телерадиоберүү жана башка маалымат каражаттары укуктук мамилелердин объектиси катары өз алдынча «иш-аракетин» жүргүзө албайт. Жалпыга маалымдоо каражаттарын түзүү, өндүрүү, каттоо жана таркатуу процессине катышуу укугу жеке жана жамааттык жактарга таандык.

Демек, ЖМКнын өндүрүшү – бул юридикалык жактын ишмердүүлүгүнүн бир түрү болуп эсептелет, анын уставында ишмердүүлүктүн башка багыттары дагы корсөтүлүшү мүмкүн. Ошондуктан автор «ЖМКны жоюу» жөнүндө сөз кылганда, укук субъектисинин (ЖМКнын өндүрүшүнө багытталган ишмердүүлүгү бар юридикалык жак) термини объект (ЖМК) менен алмаштырылышы байкалат. Чындыгында, юридикалык жактын (ЖМКнын уюштуруучусунун) ишмердүүлүгүн жоюу тууралуу сөз болуп жатат. Долбоордун 28-беренесинин 3-бөлүгүндөгү «ЖМКнын ишин» сот аркылуу жоюунун (токтотуунун) жана токтото турууну негиздерине көңүл буруу зарыл. Бул жобону түшүнүү оор. Анын мааниси төмөнкүдөй, эгер ЖМКнын редакциясы өз ишинде он эки айдын ичинде мыйзамдын талаптарын бир нече жолу (эки эседен

ашык) бузуп, Юстиция министрлиги, Санариптик өнүктүрүү министрлиги же болбосо Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы уюштуруучуга жана (же) редакцияга (редакторго) жазуу жүзүндө эскертүү берген болсо, аталган мамлекеттик органдар ЖМКнын ишин токтотуу тууралуу өтүнүчү менен сотко кайрыла алышат. Бул биринчи негиз. Экинчи – бул *«жалпыга маалымдоо каражатынын ишин токтото туруу жөнүндө соттун актысын аткарбагандыгы».*

Биринчи негизде автор мыйзамдын жоболорунун бузулушуна шилтеме кылганы менен, алар конкреттүү кайсы жоболор экенин айткан эмес. Демек, журналист өлкөдөгү окуяларды жөн гана чагылдырбастан, маанилүү, курч, айрым учурда бийликтегилерге жакпаган маселелереди көтөрүп келгендиктен, кызматтагы адамдын *«ар-намысына жана кадыр-баркына доо кетирди»* деп кесиптик иши үчүн да ЖМКга эскертүү берсе болот. Акыркы жылдары Кыргызстандагы иликтөөчү-журналисттер бийликти кыянаттык түрдө колдонуу жана бийликтин ар кандай деңгээлдериндеги жемкорлук көрүнүштөр тууралуу көптөгөн резонанстуу журналисттик иликтөөлөрдү жарыялаган. ЖМКларды буга окшош журналисттик иликтөөлөр адатынча бийлик өкүлдөрүнө жана аткаминерлерге жакпайт. Ошондуктан мыйзам долбоорунда сунушталган жобо ушул чектелген сандагы адамдарга гана жагат жана ал сөз эркиндигине, коомго кызмат кылгысы келген журналисттердин ишмердүүлүгүнө чоң жолтоо болот.

Ушуга окшош жобо мыйзам долбоордун 5-беренесинин 1-бөлүгүнүн 6-пунктунда кезигет, анда жалпыга маалымдоо каражаттарын жарандардын жеке жашоосуна кийлигишүү, алардын ар-намысына жана кадыр-баркына, ишкердик беделине шек келтирүү үчүн колдонууга тыюу салынат.

Бул жерде КРдин Жогорку сотунун Пленумунун 2015-жылдын 13-февралындагы №4 «Ар-намысты, кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо боюнча талаштарды чечүүнүн соттук практикасы жөнүндө» токтомуна көңүл бургубуз келет, анткени ар-намысты, кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо бонча иштердин өзгөчөлүктөрү бар. Коомдук адамдар деп *мамлекеттик кызматтардагы жана/же мамлекеттик мүмкүнчүлүктөрдү колдонгон жана да коомдук жашоодо (саясатта, экономикада, искусстводо, социалдык чөйрөдө, спортто же башка бир тармакта) олуттуу роль ойногон бардык адамдар эсептелет*. 2004-жылы 12-февралда Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин 872-жыйынында кабыл алынган ЖМКлардагы саясий дискуссиялардын эркиндиги жөнүндөгү декларациянын 3 жана 4-беренелерине ылайык, *коомдук колдоого ээ болууга умтулган саясатчылар, ушунусу менен жалпыга маалымдоо каражаттарында коомдук саясий талкуунун жана сындын объектиси болууга макул болушат. Мамлекеттик кызмат адамдары өз милдеттерин аткаруу жолу боюнча массалык маалымат каражаттарында сынга дуушар болушу мүмкүн, анткени бул алардын ыйгарым укуктарын ачык-айкын жана жоопкерчиликтүү аткаруусун камсыз кылуу үчүн зарыл. Коомдук ишмерлер өздөрүнүн сөздөрүнүн жана иш-аракеттеринин чагылдырылышына ачык. Башкача айтканда, эгерде коомдук*

*адамдын жеке жашоосуна тиешелүү маалыматтар коомдук кызыкчылыкты туудурса жана анын жеке жашоосундагы жүрүм-туруму анын ишине жана функционалдык милдеттерине таасир этиши мүмкүн болсо, журналисттер жеке жашоосу тууралуу маалыматты таратууга укуктуу.*

ЖМКнын ишин жөнгө салууда *«эскертүү»* деген жаңы термин пайда болду, аны Юстиция министрлиги, Санариптик өнүктүрүү министрлиги же болбосо Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы бериши мүмкүң. Бул жаңы термин мыйзамдын түшүнүк аппаратында да, жобонун өзүндө да чечмеленбейт. Автор долбоордо анын статусун, кандай формада болорун жана аны берүүнүн тартибин аныктаган эмес, бирок ошол эле кезде кайсы үч мамлекеттик орган көзөмөлдүк функцияларды аткарып, ЖМКнын ишин токтото аларын көрсөткөн. Албетте, медиа уюм үчүн бул документти акыры ким бере турганын, бул мекемелердин ортосунда ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү кандай экенин, мыйзам бузууну жоюуга канча убакыт берилгенин билүү маанилүү?

Долбоордун демилгечиси мындай *«эскертүүнү»* алгандан кийин ЖМКлардын жооптуу адамдарынын иш-аракеттеринин алгоритмин белгилеген эмес жана *«жазуу жүзүндөгү эскертүүгө»* даттануу тартибин караштырган эмес. Эмне үчүн автор Юстиция министрлиги менен прокуратурага бирдей функцияларды берип койгон деген суроо жаралат. Бул маселе боюнча маалыматтын жетишсиздин эске алып, биз Юстиция министрлигинин жобосунда караштырылган ыйгарым укуктарына кайрылдык. Анда ЖМКнын ишин токтотуу жана токтото туруу сыяктуу функциялар жана ошондой эле кат түрүндөгү *«эскертүүлөрдү»* берүү каралган эмес. Демек, Юстиция министрлигинде мындай ыйгарым укуктар жок.

Сунушталып жаткан жобо (28-берененин 3-бөлүгү) жакпаган ЖМКлардан арылуу максатында колдонулушу толук мүмкүн, анткени ЖМКга эки эскертүү берип коюу жетиштүү болот, ошондо жогоруда аталган ыйгарым укуктуу органдар ЖМКны жоюу тууралуу доо арыз бере алышат. Сот бул учурда эскертүүнүн мазмунун жана анын негиздүүлүгүн териштирип отурбайт, анткени мыйзамда соттон бул нерселер талап кылынбайт. Демек, сотко ЖМКны жабыш үчүн ага карата ушундай эки эскертүү берилгенин тактоо жетиштүү болот.

Бул жерде дагы бир жөнгө салуучу маалыматтык саясат боюнча ыйгарым укуктуу органды – Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигин унутпашыбыз керек, ЖМКлардын ишине байланыштуу функциялар, анын ичинде мыйзамдын аткаруу ыйгарым укуктарынын катарына кирет. Бул ЖМК жаатындагы абалга мониторинг  жана талдоо жүргүзүү, уруксат берүү системасы чөйрөсүн көзөмөлдөө, иштеп жаткан ЖМКлардын жана электрондук коммуникациялардын мамлекеттик реестрин жүргүзүү. Ошондой эле ал телерадиоканалды аналогдук берүүгө жана (же) санариптик берүүнүн пакетине жайгаштырууга уруксат берүүнүн жол-жобосун жүзөгө ашырат жана бул уруксаттардын реестрин жүргүзөт.

Ошентип ЖМКлардын ишине кийлигише алган, анын укуктарын чектей алган же ишин каалаган убакта токтото алган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын саны төрткө жетти. Бул позиция кабыл алынгыс, анткени ал сөз жана массалык маалымат эркиндигин тарытып, көз карандысыз маалымат каражаттарынын жашоосуна коркунуч жаратат.

КРдин Юстиция министрлиги мыйзамдын долбоору боюнча 2022-жылдын 9-ноябрындагы Корутундусунда (№ 05-1/11685) КРдин Өкмөтү 2021-жылдын 5-мартында №78 токтому менен бекиткен КРдин Юстиция министрлиги жөнүндө Жобонун 1-пунктуна таянуу менен ЖМКнын ишине көзөмөл жүргүзүү алардын ыйгарым укуктарына кирбей тургандыгын айтат. Ушуга жараша Юстиция министрлиги мыйзам долбоорунда ЖМКнын ишин токтотуу боюнча ыйгарым укукту Юстиция министрлигинен алып салууну сунуштаган. Бирок мыйзам долбоордун авторлору бул сунушту эске алышпады.

ЖМКнын ишин токтотууга экинчи негиз – *«жалпыга маалымдоо каражатынын ишин токтото туруу жөнүндө соттун актысын аткарбагандыгы»* (28-берене 3-бөлүк). Бул жобону да кабыл алууга болбойт, анткени ЖМКнын ишин токтото турууга байланыштуу аныктамалар жана негиздер мыйзам долбоорунда бүдөмүк берилген. Кайсы бир маалыматты жарыялагандыгы үчүн гана ЖМКнын иши толук токтотулбашы керек. Бул жерде ЖМКнын ишин толук токтотуу эмес, аталган маалыматтардын таркатылышын токтотуу шайкеш чара болушу мүмкүн. Ушул эле 28-беренеде, бирок 4-бөлүктө ЖМКнын ишин токтото турууга негиздер келтирилет: (1) 28-берененин биринчи бөлүгүндө каралган доону камсыз кылуунун зарылдыгы жана (2) Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын бузуу. Келтирилген негиздер – бул бийликтин цензура жүргүзүү жана ЖМКларга кысым көрсөтүү үчүн ойлоп чыгарылган кезектеги механизмдери.

Биринчи негиз ЖМК сөз эркиндигин кыянаттык түрдө колдонду деген шылтоону жамынып жана тараптарга иш тууралуу маалымдабастан *доону камсыз кылуу зарылдыгы чарасын* колдонуп ЖМКнын ишин токтото турууга болот. Бул жобо журналисттердин, редакциянын жана уюштуруучунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузат. Анткени доону камсыз кылуу зарылдыгы чарасы бир күндө каралып, кызыкдар тараптар кабарланбайт, б.а. ЖМК анын иши токтотула турарын доону камсыз кылуу чарасын колдонуу жөнүндө соттук актыны алганда гана билет. Ал эми доону камсыз кылуу чарасын алдыруу үчүн ЖМК жогорку инстанциядагы сотко гана кайрылышы керек болот. ЖМКнын ишин токтото туруу түрүндөгү доону камсыз кылуу чарасын кабыл алуу механизми материалдык укук жоболорунда – башкача айтканда ЖМК жөнүндө мыйзамда болбошу керек. Бул чара ар бир учурда жарандык-процессуалдык мыйзамдын алкагында, акылга сыярлыктын жана шайкештиктин талаптарын эске алуу менен каралышы зарыл. Мыйзамда бул жобонун болушу ЖМКнын ишин токтото туруу тууралуу ар бир иште соттук териштирүү аяктаганга

чейин доону камсыз кылуу чарасын колдонууга алып келет. Бул жобо эч бир тоскоолдуксуз бир күндүн аралыгында эле жакпаган ЖМКларды жаап коюуга алып келери шексиз.

Доону камсыз кылуу институту – жарандык-процессуалдык мыйзамдарда каралган чаралардын жыйындысы болуп эсептелет. Эгерде соттук иш боюнча кабыл алынган чечимди кийин аткаруу кыйын же мүмкүн эмес болот деген божомол болсо, ишке катышуучу адамдардын арызы боюнча сот тарабынан бул чаралар колдонулушу мүмкүн. Мындай чаралар катары сот: мүлккө же акча каражатына доонун суммасынын жана соттук чыгымдардын чегинде гана камак салууга, айрым аракеттерге тыюу салууга же мажбурлоого, мүлктү сатууну токтото турууга ж.б.у.с. Мыйзамда доону камсыз кылуу чаралары дооматтагы талаптарга шайкеш болушу керектиги так жазылган.

Ошол эле учурда жарандык сот өндүрүшүндө ЖМК, эреже катары, ар-намысты, кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо боюнча дооматтарда жоопкер катары чыгышат. Бул дооматтардын алкагында бузулган укуктарды калыбына келтирүү механизми болуп сот тарабынан чындыкка жатпайт жана адамдын кабыр баркына доо кетирген деген маалыматтарды төгүндөө жана моралдык зыяндын ордун толтуруу саналат.

Ар-намысты, кадыр-баркты жана ишкердик беделди коргоо боюнча дооматтарда белгилүү бир материалдагы айрым маалыматтар боюнча дайыма талаштар болорун эске алсак, бул жагдай чоң кооптонууну жаратат, анткени долбоордун демилгечиси ишти токтото туруу механизмин киргизүү менен бүткүл редакциянын ишин белгисиз мөөнөткө токтотуп жатат. Мунун баарын сот доону маңызы боюнча караганга чейин жана да редакциянын күнөөсү барбы, же жокпу, акылга сыярлык жана шайшкештик приниципптерин эске алуу менен моралдык зыяндын ордун толтуруунун өлчөмү аныкталганга чейин болуп жатат. Демек, мындай механизм ашыкча, адилетсиз, шайкеш эмес чектөө болуп эсептелет жана бул адам укуктарын бузуу болуп саналат.

Мыйзам долбоору ЖМК жөнүндө мыйзамды гана эмес, ошондой эле Конституциянын жана жалпысынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболорун бузгандыгы үчүн ЖМКнын ишин токтотууга мүмкүндүк берет. Долбоордун автору конкреттүү мыйзамдын жоболоруна кайрылбаганын эске алсак, эмгек мыйзамдары бузулган учурда да ЖМКнын ишмердүүлүгүн токтотуу мүмкүнчүлүгү пайда болушу мүмкүн.

### 3. ЖМКнын чарбалык ишине негизсиз кийлигишүү

Мыйзам долбоорунда ЖМКнын чарбалык ишине кийлигишүү караштырылган. Жалпыга маалымдоо каражатынын менчик ээлеринин (тең уюштуруучуларынын) ортосунда, менчик ээси (уюштуруучу) менен редакциянын ортосунда, редакция менен

басып чыгаруучунун ортосунда келишимдердин түзүлүшү шартталат (долбоордун 26-беренеси).

Келишимдерде эмне каралашы керектиги белгиленет. Мисалы, менчик ээси (уюштуруучу) менен редакциянын (редактордун) ортосундагы келишимде редакцияны күтүүгө каражаттарды бөлүү жана пайдалануу, кирешени бөлүштүрүү, фонддорду түзүү жана чыгашалардын ордун толтуруу тартиби, редакциянын кызматкерлеринин жашоосунун жана эмгегинин талаптагыдай өндүрүштүк жана социалдык-тиричиликтик шарттарын камсыз кылуу боюнча уюштуруучунун милдеттенмелери болушу сунушталат. Автор редакция өз алдынча киреше көрө аларын жана, тескерисинче, менчик ээсине акча-каражат бөлүп бере аларын эске албаган. Менчик ээси ЖМКнын жетекчиси болбошу мумкүн. Бул учурда менчик ээси редакцияны күтүүгө каражаттарды бөлө албайт, башкача айтканда менчик ээси мыйзамдарда көрсөтүлгөн айрым учурларда редакцияны күтүү милдеттерин албашы мүмкүн. Бул ЖМК уюштуруучунун уюштуруу-укуктук формасына жараша болот. Чыгашалардын ордун толтуруу жарандык, жарандык процессуалдык жана башка мыйзамдар менен жөнгө салынат. Келишимде чыгашалардын ордун толтуруунун тартибин көрсөтүү туура эмес деп эсептейбиз.

**4. Журналисттерди аккредитациялоо концепциясы тууралуу туура эмес түшүнүк**

Мыйзам долбоордун 31-беренесине ылайык, *«ушул Мыйзамда белгиленген тартипте катталган жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакциясы мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына өзүнүн журналисттерин аккредитациялоого өтүнмө берүүгө укуктуу»*. Бул сүйлөмдө стилистикалык кемчиликтер бар, бирок анын мааниси мындай: мисалы, Жогорку Кеңеш каттоодон өткөн ЖМКлардын гана журналисттерине аккредитация берет. Ал эми көз карандысыз журналисттер жалпысынан бул укуктан ажырап, ошого жараша алар бул органдын маалыматын алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылат. Жыйынтыгында, беренеде аккредитация берген уюмдун иш-чараларына катыша алган аккредитациясы бар журналисттер тууралуу гана сөз кылат. Каалаган башка мамлекеттик орган кайсы бир ЖМК журналисттерин алдын-ала аккредитациялабаса, мейли бир жолу гана иш-чарага катыша турган учурда да, бул ЖМКнын өкүлдөрүнө иш-чарага катышууга уруксат бербегенге укугу бар.

Бул берене маалыматка жетүүнү чектейт, анткени сот же кайсы бир ыйгарым укугу бар орган, юстиция министрлиги же санариптик өнүгүү министрлиги ЖМКнын каттоосун жокко чыгарган болсо анын мурда аккредитация алган журналисти өзү мыйзамды бузбаган күндө да аккредитация берген органдын, мисалы, Жогорку Кеңештин иш-чараларына катыша албай калат, же анын маалыматтарына жете албай калат.

БУУ АУКтун №34 Жалпы негиздеги эскертүүлөрүнүн 44-пункту боюнча, журналисттерге кайсы бир жерге барууга же кайсы бир иш-чарага катышууга артыкчылык берүү керек болгон учурларда гана аккредитаяга чектөөлөр киргизилиши мүмкүн. Мындай чектөөлөр дискриминациялык мүнөздө болбошу керек жана ал журналисттик функцияларды көптөгөн адамдар аткара аларын эске алуу менен объективдүү критерийлердин негизинде ЖСУЭПтин 19-беренесине жана башка нормаларына ылайык колдонулушу зарыл. Аккредитациялоо институтун жумушка же мамлекеттик орган уюштурган иш-чарага катышууга уруксат берүү деп кабылдабоо зарыл, анткени бул сөз эркиндиги боюнча эл аралык стандарттарга туура келбейт. Ошондуктан мамлекеттик органдар уюштурган иш-чараларга катышууга аккредитация алган журналисттердин гана эмес, аккредитациясы жок журналисттердин да укугу бар.

## 5. Журналисттердин кесиптик ишин жүзөгө ашыруудагы укуктарын чектөө

Учурда колдонуудагы ЖМК жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча, эгерде маалымат эл алдында чыгып сүйлөөлөрдүн сөзмө-сөз келтирилиши болсо жалпыга маалымдоо каражаты жоопкерчиликке тартылбайт. Көрүнүп тургандай, учурдагы мыйзам маалыматты субъекттер боюнча бөлүп карабайт, башкача айтканда эл адында чыгып сүйлөгөн каалаган адамды «сөзмө-сөз келтирсе» болот. Мыйзам долбоору болсо, эл алдында чыгып суйлөгөн сөздөрү үчүн ЖМК жоопкерчиликке тартылбай турган конкреттүү субъектилерди белгилейт. Башкача айтканда, субъектилердин саны кыйла азайтылууда. Аларга Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана жергиликтүү кеңештеринин депутаттары, съезддердин делегаттары, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана юридикалык жаткардын кызматкерлери кирет. Башкача айтканда ушул гана адамдардын айткандарын сөзмө-сөз келтирген учурда гана ЖМК жоопкерчиликке тартылбайт.

Дагы да башка жагдайлар бар. Долбоордун 51-беренесинде, эл алдында чыгып сүйлөөлөр мүмкүн болгон жерлер көрсөтүлгөн. Алар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын комитеттеринин, убактылуу комиссияларынын, депутаттык фракцияларынын жыйналыштары, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана жергиликтүү кеңештердин пленардык жыйналыштары, съезддер, конференциялар, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын пленумдары, ошондой эле расмий чыгып сүйлөгөн сөздөр, анын ичинде пресс-конференциялар. Бул жобо замандан артта калгандай элес калтырат, анткени ал мамлекет башчынын, парламент депутаттарынын жана жогорку кызматтагы адамдардын коомдук тармактардагы такай билдирүүлөрүн эске албаган.

Эми Президенттин же парламентарийлердин коомдук тармактардагы жеке баракчаларында жарыяланган сөздөрүн сөзмө-сөз келтирген ЖМКлар

жоопкерчиликтен бошотулбайт. Демек долбоордун демилгечиси конкреттүү субъектилерди атап, алардын эл алдында чыгып сүйлөгөн жерлерин тактоо менен атайын жана негизсиз ЖМКлар менен журналисттердин укуктарын чектеген.

Ошентип, коомдук кызыкчылыкты жараткан маалымат болгон күндө да мамлекеттик органдардын кызматкерлеринин же башка коомдук фигуралардын, мисалы, диний ишмерлердин эл алдында чыгып сүйлөгөндөрүн таркаткандыгы үчүн журналисттер жана редакциялар жоопкерчиликке тартылып калышы мүмкүн. Маданият министрлиги 04.11.2022 КРдин Президентинин Администрациясына жолдогон катында (№12-2/1347) ушул жагдайга көңүл бурган. Анда бул жобо Конституцияга каршы келерин белгилеп, бул жобону учурдагы редакциясында калтырууну суранган. Ыйгарым укуктуу органдын бул пикири эске алынган эмес.

Учурда колдонулуп жаткан «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө» мыйзамда эгерде чындыкка ылайык келбеген маалымат алдын-ала жазуусуз обого чыгуучу автордук сөздөрдө болсо ЖМК жоопкерчиликтен бошотулары айтылат. Ал эми долбоордун 51-беренеси боюнча, бул жобо чектөөнү күчөтүү жагына өзгөртүлгөн. Бул беренеде чындыкка дал келбеген маалымат алдын ала жазуусуз эфирге чыгуучу автордук чыгармаларда же ушул Мыйзамга ылайык редакциялоого жатпаган тексттерде камтылса ЖМК жоопкерчиликке тартылбайт деп айтылат. Ошентип, ЖМК жөнүндө мыйзам долбоору боюнча, ЖМК автордук чыгармаларды же текстти таркаткан учурда гана жоопкерчиликтен бошотулат.

Ошол эле кезде долбоордун автору «автордук чыгарма» деп эмнени айтканы түшүнүксүз. Мыйзамдын долбоорунда кайсыл текст редакциялоого жатпай тургандыгы түшүндүрүлгөн эмес. Негиздеме-маалымкатта да бул тууралуу эч бир түшүндүрүү жок. Мындай жагдайда ЖМК мыйзам талаптарын кантип аткара алат? «Автордук чыгарма» деген түшүнүктүн ар кандай мааниси болушу мүмкүн, алардын бардыгы бул чыгармачыл ишмердүүлүктүн жыйынтыгы экенин көрсөтөт. Бул өзгөчө укуктардын жыйындысы колдонулган ноу-хау, ойлоп чыгаруу болушу мүмкүн жана да ошол эле мезгилде бул адабий чыгармалар, искусство предметтери ж.б. Дегеле чыгарманы таркатуу үчүн жоопкерчиликтен бошотуу сунушу маанисиз көрүнөт, анткени чыгармалардын массалык маалымат каражаттары менен журналисттер тараптан жайылтылышын кубаттоо гана керек. Демек, сунушталып жаткан норманын мааниси жана логикасы жок. Чындыгында журналист менен ЖМК жарандардын түз эфирде чыгып сүйлөгөндөрү үчүн жоопкерчиликтен бошотулушу керек. Журналист түз эфирге чакырылган кишинин эмне айтарын биле албайт. Ошону үчүн учурда колдонулуп жаткан мыйзамда бул жагдайда жоопкерчиликтен бошотуу жобосу каралган. Бул маанилүү жобонун акылга сыйбаган, орусиялык мыйзамдан сөзмө-сөз көчүрүлүп алынган жобо менен (автордук чыгарманы таркаткандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотуу жөнүндө) алмаштырылышы – негизсиз гана эмес, зыяндуу да. ЖМКларды жана журналисттерди жоопкерчиликтен бошотуунун шарттарынын чегин ушинтип

кыскартуу негиздеме-маалымкатта да, мыйзам долбоорунун концепциясында да эч кандай негизделбейт.

КРдин Конституциясынын 63-беренесинин 1-бөлүгү боюнча, сөз, басма сөз жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин чектеген мыйзамдардын кабыл алынышына тыюу салынат. Демек, мыйзам долбоорунда берененин сунушталып жаткан редакциясы КР Конституциясына каршы келет.

Юстиция министрлигинин 2022-жылдын 9-ноябрындагы мыйзам долбоору боюнча Корутундусунда (№05-1/11685) журналисттик кесиптик ишине байланыштуу маселелерди жөнгө салуу сунушталат. Ошол эле кезде мамлекеттик орган «Журналисттик ишмердүүлүктүү коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы бул маселелерди жөнгө саларын, журналисттин укуктарын жана милдеттерин аныктай тургандыгын, укуктук жана социалдык кепилдиктерди бере тургандыгын, журналисттик ишмердүүлүктү коргоо жөнүндө мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликтерди аныктай тургандыгын белгилейт. Бул мыйзам ЖМК жөнүндө мыйзам долбоору сыяктуу эле «журналист» термине аныктама берет. Бирок эки аныктама бири биринен айырмаланат. Ушуга байланыштуу ченемдик укуктук талаптардын кайталанышына жол бербөө үчүн мыйзам долбоорунун авторлоруна журналисттин укуктарын жана милдеттерин жөнгө салуучу ченемдерди долбоордон алып салуу сунушталган. Бирок долбоордун авторлору бул сунушту дагы көз жаздымда калтырышкан.

Аккредитациянын негизинде мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, уюмдарга, ишканаларга жана мекемелерге же алардын басма сөз кызматтарына баруу укугу жөнүндө жана белгиленген мыйзамда каралган учурларды кошпогондо, кызмат адамдарынын же жарандардын макулдугу менен гана жазууларды, анын ичинде аудио-видео жабдууларды, кино жана фото-сүрөткө тартууну колдонуу жөнүндо ушул Пикирдин кириш сөзүндө сөз кылынган.

### 6. Чет элдиктердин катышуусу

Мыйзам долбоордун 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пункту чет мамлекеттин жараны же жарандыгы жок адам жалпыга маалымдоо каражатынын менчик ээси (уюштуруучусу) боло албастыгын белгилейт. Өз кезегинде бул жобо боюнча Юстиция министрлиги 2022-жылдын 9-ноябрындагы мыйзам долбоору боюнча Корутундусунда (№05-1/11685) Конститциянын 6-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституциянын негизинде кабыл алынат деп эскерткен.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 52-беренеси боюнча, Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар мыйзамда же Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мыйзамдарда белгиленген

тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимде белгиленген учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укуктарга жана милдеттерге ээ. Ошону менен катар Юстиция министрлиги Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 63-беренеси боюнча сөз, басма сөз жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин чектеген мыйзамдардын кабыл алынышына тыюу салынарын белгилейт. Ушуга байланыштуу министрликтин пикиринде, сунушталып жаткан жобо КРдин Конституциясынын 63-беренесине туура келбейт. Андан ары Корутундуда Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 19-беренесине ылайык, ар бир адам өз ой-пикирин билдирүү жана билдирүү эркиндигине укуктуу экендиги, бул укук эч кандай кийлигишүүсүз көз карашын кармануу эркиндигин жана *мамлекеттик чек araларга карабастан* ар кандай каражаттар аркылуу маалыматты жана идеяларды издөө, алуу жана берүү эркиндигин камтый тургандыгы айтылат. Буга байланыштуу министрлик мыйзам долбоорунда чет өлкөлүк жарандын же юридикалык жактын уюштуруучу боло албоосуна байланыштуу чектөөлөрдү алып салуу зарылдыгына көңүл бурат.

Ага карабастан долбоордогу чет өлкөлүк жарандардын Кыргыз Республикасынын аймагында жалпыга маалымдоо каражаттарын түзүү укуктарын чектеген бардык жоболор өзгөрүүсүз калган. Долбоордун авторлору укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу функцияларын аткарган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сын-пикирлерин жөн гана этибарга албай коюшкан.

Мыйзам долбоорунун 49-беренесинде чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлчүлүктөрү жалпыга маалымдоо каражаттарынын иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын уруксаты менен түзүлөт деп айтылат. Ошол эле учурда Маданият министрлиги кайсы учурда уруксат берери, кайсыл учурда мындай уруксат берүүдөн баш тарта турганы түшүнүксүз.

Бул берененин 3-бөлүгүндө Кыргыз Республикасында чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарынын кабарчыларын аккредитациялоо ушул Мыйзамдын талаптарына ылайык жалпыга маалымдоо каражаттарынын иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүргүзүлөт деп айтылат. Бирок мыйзам долбоорунда чет элдик журналисттерге кандай талаптар коюлганы жана аккредитация алуу механизми көрсөтүлгөн эмес.

## 7. Негизсиз шилтеме кылган жоболор

Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө мыйзам долбоорунун бүткүл текстинде конкреттүү мыйзамдардын аталыштары аталбастан аларга көптөгөн шилтемелер колдонулат. Мисал катары мыйзам долбоорунун 1-беренесин келтирсек болот, анда мыйзамдарды көрсөтпөстөн аларга төрт жолу шилтеме кылынган. Анда мындай деп берилет: *«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз*

*Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган кандай болбосун ыкма менен өз оюн эркин билдирүү;*

*2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган кандай болбосун ыкма менен маалыматты эркин издөө, тандоо, алуу жана жайылтуу;*

*2. Кыргыз Республикасында ар бир адамдын өз оюн эркин билдирүү, сөз жана басма сөз, маалымат алуу жана жайылтуу эркиндигине укугу оозеки, жазуу жүзүндө, басма жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка формаларда ишке ашырылат.*

*3. Кыргыз Республикасында массалык маалыматты издөө, алуу, даярдоо жана жайылтуу, басма сөз жана башка жалпыга маалымдоо каражаттарын түзүү, аларга ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө, жалпыга маалымдоо каражаттарынын продукциясын өндүрүүгө жана жайылтууга арналган техникалык түзүлүштөрдү жана жабдууларды, сырьёлорду жана материалдарды даярдоо, сатып алуу, сактоо жана эксплуатациялоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, чектелүүгө тийиш эмес».*

Ушуга окшош көрүнүш мыйзам долбоордун «Сөз жана басма сөз эркиндигин кыянаттык менен пайдаланууга жоопкерчилик» деген 53-беренесинде да байкалат:

*«1. Ушул Мыйзамдын талаптарын бузуу менен сөз жана басма сөз эркиндигин кыянаттык менен пайдалануу – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.*

*2. Ушул Мыйзамдын талаптарын бузуу же журналисттин милдеттерин сактабоо менен журналисттин укуктарын кыянаттык менен пайдалануу – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет».*

Беренеде жоопкерчилик тууралуу сөз болгону менен ал кандай жоопкерчилик экени белгисиз. Жогоруда келтирилген эки мисалдагы жана дегеле долбоордун дээрлик бардык текстиндеги мыйзамдарга шилтемелер бар жоболорду аягына чейин иштелип чыкпаган деп баалаcак болот, анткени аларда кайсы конкреттүү мыйзамга шилтеме кылынганы аыкталган эмес. «Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесинин 2-бөлүгүнүн талаптарына ылайык, эгерде ченемдик укуктук актыны колдонуу үчүн башка ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү талап кылынса, сунушталып жаткан мыйзам долбоорго белгиленген өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизиле турган укуктук актылардын долбоорлору тиркелиши керек.

Жумушчу топтун мүчөлөрү долбоордун авторлоруна долбоорду «Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына тууралаш керектиги тууралуу бир нече кайрылышкан болчу. ЖМК жөнүндө мыйзам

долбоорунан келип чыккан башка ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун пакетин бир эле мезгилде иштеп чыгуу сунушталган. Бирок бардык өтүнүчтөр жоопсуз калган. Ошентип, мыйзам долбоорунун демилгечилери жогорудагы мыйзамдын нормасын одоно бузушкан.

Юстиция министрлиги 2022-жылдын 9-ноябрындагы мыйзам долбоору боюнча Корутундусунда (№05-1/11685)

КРдин Юстиция министрлиги бул мыйзам долбooруна берген Корутундусунда белгилегендей, «мыйзамдар» термини жалпылаштырылган, бүдөмүк мүнөздө, ал кенен түшүнүүгө жол ачат. Жогорку Кеңеш 2015-жылы 26-июнда №5389-V токтому менен бекиткен Мыйзам чыгаруу техникасы боюнча нускамага ылайык, толугу менен мыйзамдарга бланкеттик шилтемелерди жасоого жол берилбейт (мисалы, «мыйзамдарга ылайык жөнгө салынат»). Ошондуктан мыйзам долбоорунда шилтеме кылынган ченемдик укуктук актыларды талдап, алардын тармагын же жөнгө салуу чөйрөсүн көрсөтүү сунушталат.

Мындан тышкары, Министрликтин корутундусунда *«кыянаттык менен пайдалануу»* дегенди кененирек чечмелөө зарылдыгы жөнүндө айтылат, анткени мындай аныктама укук колдонуу практикасында укуктук белгисиздикти жана кыйынчылыктарды жаратат. Корутундуда ошондой эле КРдин Конституциясынын 53-беренесиндеги *«ар бир адам Конституцияда жана мыйзамдарда тыюу салынбаган ар кандай аракеттерди жана ишмердүүлүктү жүргүзүүгө укуктуу»* деген жобо эскертилет. Демек, ченемдик укуктук актыларда каралган конкреттүү талаптарды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик каралууга тийиш. Ошондуктан мыйзамдарга кеңири шилтеме берген бардык ченемдер кайра каралууга тийиш.

Бирок белгисиз себептерден улам «Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча КР Юстиция министрлигинин сунуштары эске алынбай калган.

«Жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун сунушталган редакциясы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын нормаларына, эл аралык укуктун ченемдерине каршы келет, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин шайкеш эмес чектейт, сөз, басма сөз, пикирин билдирүү эркиндигинин, журналисттердин жана массалык маалымат каражаттарынын иш-аракети чектерин мыйзамсыз түрдө тарытат, кайталанма жана башка ченемдик актыларга шилтеме кылган жоболор көп колдонулган. Мыйзам долбоорунан жетишээрлик аныкталган деп таанууга мүмкүн болбогон жоболорду алып салуу жана аларды туура аныктамалар менен алмаштыруу зарыл. Интернет-технологияларга негизделген электрондук каражаттардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен түшүнүктөр аппараттынын аныктамаларын кайра карап чыгуу жана аларды Кыргыз Республикасынын Санариптик кодексинин долбоорунун терминологиясы менен

салыштыруу зарыл. Долбоордун нормаларын логикалык байланыш жана түшүнүү жагынан кайра карап чыгуу керек.

Жогоруда белгиленгендей, мыйзам долбооруна Негиздеме-маалымкат жана Жөнгө салуучу таасирин талдоо гана тиркелген. Салыштыруу иретинде Казакстандын «Масс-медиа жөнүндө»[3] мыйзам долбоорунун даярдалышын карап көрөлү. «Масс-медиа жөнүндө» Казакстан Республикасынын мыйзам долбоорунун досьеси 23 документтен турат, алардын ичинде: Казакстан тамак-аш өнөр жайынын улуттук ассоциациясынын, Казакстандын маалымат технологияларынын улуттук ассоциациясынын, «Мыйзам чыгаруу жана укуктук маалымат институтунун», Гайрат Сапаргалиев атындагы Мамлекет жана укук илимий-изилдөө институтунун, Казакстан Республикасынын «Атамекен» Улуттук Ишкерлер палатасынын каттары, корутундулары бар. Ошондой эле ар түрдүү платформаларда уюштурулган талкуулардын протоколдору тиркелген. Мыйзам долбоорунун мындай кеңири талкуланышы кайсы бир маселелер боюнча орток пикирге, чечимге келгенге өбөлгө түзөт. «Масс-медиа жөнүндө» Казакстан Республикасынын мыйзамынын долбоору, мисалы, интернет-басылманы ыктыярдуу түрдө каттоону караштыра[4].

**Бул талдоону жана эл аралык тажрыйбаны эске алсак, бул мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Конституциясынын нормаларына жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерге каршы келет. Интернет-контентке жетүүгө болгон бардык чектөөлөр так жана ачык-айкын белгилүү укуктук стандарттарга негизделиши керек. Ар кандай чектөөлөрдүн көлөмү так көрсөтүлүшү керек.**

**Долбоордун демилгечилери мыйзам долбоорун кайра чакыртып алып, веб-сайттарды каттоону мазмунунан алып салуу менен Концепцияны өз алдынча кайрадан иштеп чыгып, Кыргызстандын адам укуктарын жана эркиндиктерин, сөз, басма сөз эркиндигин жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын көз карандысыздыгын сактоо боюнча милдеттерин эске алуу менен долбоорду кайра карап чыгып, мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдардан жана медиа сектордун катышуучуларынан келип түшкөн бардык сын-пикирлерди жана сунуштарды ылайыкташтыруусу зарыл.**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитетинен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен сунушталган мыйзам долбоорун четке кагууну өтүнөбүз.**

---

[3] https://online.zakon.kz/Document/?doc_id=35440863&pos=6;-105#pos=6;-105
[4] https://online.zakon.kz/Document/?doc_id=36692497&pos=293;-20#pos=293;-20